***Ибирайым кызы А.***
***к.п.н., зав.лабораторией Технологии и искусства***
***Кыргызской академии образования***

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫ: МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР

# КАЧЕСТВО ОБРАЗОВАНИЯ: ПРОБЛЕМЫ И ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ИССЛЕДОВАНИЯ

***Ibiraiym kyzy A.***

# THE QUALITY OF EDUCATION: PROBLEMS AND PEDAGOGICAL RESEARCHES

***Аннотация:*** *Макалада сапат жана билим берүүнүн сапаты боюнча учурдагы маселелер талдоого алынып, ал боюнча педагогикалык изилдөөлөр анализденди. Психологиялык-педагогикалык адабияттарды анализдөө «сапат», «билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнүн сапатын башкаруу» жана «баалоо» сыяктуу негизги түшүнүктөрдү бөлүп кароого мүмкүнчүлүк берди. Мындай түшүнүктөрдү кароодо айрым авторлор – инсандын жана коомдун зарылчылыктарын эске алса, айрымдары – билим, билгичтиктердин калыптанышын, кээ бири – натыйжаны эске алышса, дагы бири – белгилүү бир компетенцияларга ээ кылууга басым коюшат. Мындай көз караштар негизги түшүнүктөрдү дагы да тереңдеп кароого мүмкүнчүлүк берди. Акырында билим берүүнүн мазмунун жаңылоодо мындай изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшү өз көмөгүн көрсөтөөрү белгиленди.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривались проблемы по качеству, состоянию качества образования, а также проанализированы педагогические исследования по этим проблемам. Анализ психолого-педагогической литературы позволил выделить основных понятий, как «качество», «качество образования», «управление качество образования» и «оценивание». Рассмотрение приведенных выше определений показывает, что одни авторы акцентируют внимание на потребности личности и общества, вторые - на сформированности уровня знаний, умений и навыков, третьи - на совокупности свойств и результатов, четвёртые - на формировании определённых компетенций. Эти точки зрения позволяло более глубоко рассмотреть и исследовать понятий. В конце отмечено, что данные исследования необходимы при модернизации содержания образования.*

***Abstract:*** *The article deals problem of quality, the quality of education, as well as analyzes pedagogical research on these issues. Analysis of the psychological and pedagogical literature it possible to identify the basic concepts as «quality», «quality education», «control the quality of education» and «assessment». Consideration of the above definitions shows, that some authors focus on the needs of the individual and society, the second - in the formation of knowledge, skills, and others - on the set of properties and the results of, the fourth - on the formation of specific competences. This point of view allows more deeply examine and explore concepts. At the end it pointed out that these studies are necessary for the modernization of educational content.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *сапат, билим берүүнүн сапаты, билим берүүнү башкаруу, баалоо, илимий изилдөөлөр.*

***Ключевые слова:*** *качество, качество образование, управление образование, оценивание, научные исследование.*

***Key words:*** *quality, quality of education, quality management of education, quality evaluation of education, research.*

Бүгүнкү күндө педагогикалык теориянын негизги маселелеринин бири болуп билим берүүнү модернизациялоонун багытын жана мүнөзүн аныктай турган стратегиялык жолдун туура тандалып алынышы жана аны ишке ашыруунун алгылыктуу илимий-педагогикалык ыкмаларынын иштелип чыгышы эсептелет.

Азыркы социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий турмуштун өзгөчө тездик менен өзгөрүүлөрү педагогикалык кырдаалдардын да өзгөрүүсүнө алып келүүдө. Бул өзгөрүүлөрдүн позитивдүү же негативдүү экендиги боюнча педагогикалык коомчулуктун пикирлери ар түрдүү.

Азыр билим берүүнү модернизациялоо зарыл экендигинде эч бир талаш жок, бирок негизги маселе аны ишке ашыруунун жолдорун аныктоодо болуп жатат.

Мектептик билим берүү системасын жаңылоонун мыйзам ченемдүүлүктөрүнө өзгөчө социалдык-педагогикалык процесс катары теориялык ой жүгүртүү, аны натыйжалуу жүзөгө ашыруунун шарттарын аныктоо, аталган процесстин структурасын, анын логикасын, бул процесске кошулган бардык олуттуу жактардын ролун белгилөөсүз мүмкүн эмес. Мектептик билим берүүнүн парадигмаларын жаңылоо сыяктуу

татаал ишти жүзөгө ашырууда, биринчи кезекте, бул процессти түшүнүүдөгү, илимий жана практикалык милдеттерди чечүүнүн ырааттуулугун орнотуу зарыл. Кыргыз окумуштууларынын эмгектеринде (А.Абдиевдин, И.Б.Бекбоевдин, Э.Мамбетакуновдун, А.Мамытовдун, М.С.Субанованын, Т.М.Сияевдин, К.Джунушалиеванын, Б.Мурзаибраимованын, Б.М.Кособаеванын, С.К.Рыспаевдин ж.б.) мектептик билим берүүнүн мазмунун түптөөгө жана анын сапатын көтөрүүгө байланышкан баалуу ойлор айтылган. Мындай эмгектер билим берүүнүн мазмунун жаңылоодо, аны ийгиликтүү жүзөгө ашыруунун этаптарын жана шарттарын аныктоодо, ошондой эле сапатты камсыз кылуу боюнча маселелерди чечүүдө негиз болуп бере алат.

Кыргыз Республикасы өзүнчө ачык өлкө болуп социомаданияттын өнүгүү абалына өтүшү конкуренция шартындагы инсандык өнүгүүгө жараша билим берүүнүн методологиялык негизин карап чыгуу талабын койду. Ал глобалдашуунун тенденциясына кирүүгө алып келип, билим берүүгө компетенттик мамиле кылууну шарттап, инсандык өнүгүүнү гумандуулук парадигмасынын нугунда алып барууну талап кылды.

Модернизациялоо зарылчылыгы ушул талаптарга туура келет.

Модернизация – учурдун жана курчап турган чөйрөнүн чакырыгына, талабына адекваттуу болгон максат, мазмун, форманын стратегиясын жана тактикасын кайра түзүү болуп саналат. Азыркы учурдагы тенденциялык (глобалдаштыруу, гумандаштыруу, оптималдаштыруу, интеграциялоо ж.б.) процесстер жана андан келип чыккан коомдогу карама-каршылыктар билим берүүнү маданияттык жана баалуулук мамиленин негизинде жаңылоону шарттайт.

Учурдун талабына жараша билим берүүнүн мазмуну Эл аралык жалпы тенденциялык процесстердин төмөнкүдөй алкагында өнүгө алат:

- бардык адам баласынын маданияттуулук жана адистик квалификациясына талаптардын жогорулагандыгы;
- ошондой эле билимдүүлүк жана интеллект улуттук байлыктын катарына киргендиги жана ал коомдогу эң жогорку баалуулук катары кабыл алынгандыгы.

Жогоруда көрсөтүлгөн тенденциялык процесстер жана ага жараша инсандык өнүгүүгө коюлган талаптар менен билим берүүдөгү белгиленген жагдайлардын ортосунда төмөнкүдөй карама-каршылыктар келип чыкты:

- учурдагы жалпы билим берүүнүн мазмуну менен социалдык-экономикалык шарттагы адистерди даярдап чыгаруунун талаптарынын дал келбей калышы;
- билим берүү чөйрөсү менен окуучулардын кызыгууларынын ортосундагы көп түрдүүлүктөрдүн улам жогорулап жатышы;
- практикалык багыттарга ориентация алуу зарылдыгынын күн санап жогорулашы жана окуу программаларынын мүмкүнчүлүгүнүн чектелгендиги;
- коомдун өнүгүү темпи жана билим берүүдөгү маселелердин кечеңдеп чечилип жатышы ж.у.с.

Демек, Кыргызстандагы жалпы эле билим берүү системасынын абалы жаңылануу алдында тургандыгы жалпыга маалым болду жана Кыргызстандын билим берүүсү бир баскычтан экинчи бир баскычка өтүүнүн оор процессин башынан кечирип жатат.

Кыргызстандын азыркы шартында билим берүү системасын жаңылоо иштери кандай жүзөгө ашырылууда?

Жеке компетенттик мамиленин негизинде билим берүү, инсанга багытталган билим берүү, же инсанды, анын жеке өзгөчөлүктөрүн, кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окутуу – азыркы билим берүүнү сапаттык жактан жаңылоонун башка шарттарынын бири катары эсептелди.

Сапат идеясы жаңылануу процессинин өзөктүк идеясы болуп калды. Сапат инсандын өнүгүү жана коомдун өнүгүшүнүн иштиктүү фактору катары жеке инсанга багытталган билим берүү идеясы менен түздөн-түз байланышта. Билим берүү жаатында жүзөгө ашырылып жаткан өзгөрүүлөргө укуктук негиз берген бир катар олуттуу мамлекеттик чечимдер кабыл алынган. Алардын ичинен, маанилүүсү катары «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамды, 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Концепцияны (КР Өкмөтүнүн 23.04.2012-ж. №201 Токтому), 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегияны (КР Өкмөтүнүн 23.04.2012-ж. №201 Токтому), мамлекеттик билим берүү стандартын (2014-ж. КР Өкмөтүнүн Токтому) алсак болот. Билим берүүнүн мазмунун жаңылоо, Кыргызстандын азыркы мектептеринде мезгилдин талабына ылайык өзгөрүүлөр менен байланышкан иштин башкы аспектилеринин бири. Ага ылайык учурда Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан жалпы билим берүүчү мектептер үчүн Базистик окуу пландын долбоору иштелип чыгып, коомчулукка талкууга коюлду. Ал эми предметтер боюнча жаңы стандарттарды түзүү иши алдыга пландаштырылды.

2009-жылдан бери Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан маданияттык-ком-

петенттик мамиленин негизинде билим берүүнүн мазмунун, окуу китептерин жана окутуунун технологиясын жаңылоо боюнча илимий-изилдөө иштер жүргүзүлүп келүүдө. Учурда билим берүүнүн жаңы муундагы стандарттарын түзүүдө сапатты камсыз кылуунун бирден-бир шарты болуп билим берүүнүн натыйжасына басым коюу саналды. Ал окуучунун жеке инсандык жетишкендиктерин баалоодо багыт көрсөтөт жана окуучунун ишмердүүлүк ыкмаларын акыл эстүү колдоно билүүсүнө негиз боло алат.

Билим берүүдөгү стандарттарды жаңылоо каржылоо булактарын табуу, бир канча өзгөртүүлөрдү киргизүү менен гана чектелбейт. Билим берүүдө жаңылануу дегенде, бизге негизинен мектептеги окуу күнү жана сааттардын саны, материалдык кээ бир мүмкүнчүлүктөрү, компьютердик билим берүү, мектепке ориентир алган жетекчилик (School based management), өлчөө жана баалоо системасынын жакшыртылышы, компетенцияларынын кеңейтилиши, билим берүүнүн натыйжасынын сапатына басым жасалышы сыяктуу аракеттер ойго келет.

Билим берүүнүн сапаты тууралуу кеп болоордон мурда «сапат», «билим берүүнүн сапаты», «билим берүү сапатын башкаруу», «билим берүү сапатын баалоо» сыяктуу негизги түшүнүктөрдү тактап алуу керек.

Философиялык жана психологиялык-педагогикалык адабияттарга талдоо жүргүзүүдө «сапат» деген түшүнүк бардыгы үчүн бирдей мааниге ээ эмес. С.И.Ожеговдун «түшүндүрмө сөздүгүндө» ал, биринчиден, негизги белгилер–дин жыйындысы, касиеттери, өзгөчөлүктөрү, башка нерселерден же көрүнүштөрдөн айырма–лануу болсо, экинчиден, «бир нерсенин артыкчылыгын аныктоо» деп аныкталган [9, 240]. Философиялык-энциклопедиялык сөздүктө – «артыкчылык, башка нерселерден олуттуу айырмалануусу менен ал ушул нерсе болуусу» катары каралган [15, 568]. Бул аныктамада «сапат» - «касиет» менен бирдей каралат. Заманбап изилдөөлөрдө «сапат» түшүнүгү: - дал келүүнүн ченеми [4]; - жарандын муктаждыктарын канааттандырууга шартталган, билим берүү касиеттеринин жыйындысы [5]; - объектилердин жалпы мүнөздөмөсү, нерселердин жана көрүнүштөрдүн бири-биринен, башка предметтерден айырмачылыгы [12, 567]; - жарамдуулук даражасы же дал келүүсү [17, 91] катары аныкталат. Чет элдик авторлор (А.Бине, Б.Блумм, Ф.Гальтон, Дж.Мок-Кин-Кеттел, А.А.Маккол, Дж.Роис, К.Пирсон, Т.Симон) төмөнкү көз караштарды бөлүп карашат: 1) *объективдик* (сапаттык мүнөздөмөлөрдү объективдүү критерийлер менен ченөө); 2) *релятивисттик* (конкреттүү талаптардын негизинде сапаттын критерийин аныктоо); 3) *өнүктүрүүчүлүк* (билим берүү системасынын ички потенциалын критерийлик баалоо).

Демек, сапат стандартка, керектөөчүнүн (коомдун, мамлекеттин, окуучулардын, ата-энелердин) каалоосуна жана талабына дал келүүсү керек.

«Сапат» түшүнүгү «билим берүүнүн сапаты» түшүнүгү менен тыгыз байланышта. Билим берүүнүн сапаты түшүнүгүн аныктоодо бир топ ыкмалар колдонулат. С.В. Шишов жана В.А.Кальней бул түшүнүктү «коомдогу билим берүү процессинин натыйжалуулугу, инсандык профессионалдык, турмуштук жана жарандык компетенциялары анын каалоосуна жана керектөөсүнө дал келүү менен калыптаныш керек» деп мүнөздөшөт [16,78].

Билим берүүнүн сапаты – бул көп аспектилүү педагогикалык көрүнүш. Б.К.Коломиец окутуу процессиндеги жана педагогикалык ишмердүүлүктөгү, илимий-педагогикалык кадрлардагы, билим берүү программаларындагы, маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндөгү, окуучулардагы, башкаруудагы жана изилдөөлөрдөгү бир нече сапаттарды бөлүп карайт. Бул интерпретацияларда сапат бирдей маанидеги касиеттерге ээ [6].

Ал эми А.И. Субетто билим берүүнүн сапатын адамдын сапаты жана мазмундун сапаты менен салыштырат, булар өз алдынча татаал структурага ээ экендигин көрсөтөт [13]. А.М. Моисеев жана М.М. Поташник билим берүүнүн сапатын максаттын жана жыйынтыктын карымкатышы, максаттарга (жыйынтыкка) жетүүнүн ченеми, окуучунун потенциалдуу өнүгүүсүнүн негизинде максаттардын оперативдүү ишке ашышы катары эсептешет [11, 33].

Учурдагы билим берүүнүн сапаты үч негизги парадигмага быгатталды: *билимдүүлүк-операциондук (*билим берүүнүн сапаты билим, билгичтик, көндүмдөрдүн бири-биринен көз карандылыгы жана удаалаш өнүгүүсү*), функционалдык-ишмердүүлүк (*инсандын белги–лүү бир муктаждыктарын канааттандыруу мүмкүнчүлүгү*), компетенттүүлүк* (окуучулардын алган билимдеринин негизинде иш аракет жасоо жөндөмдүүлүгү, үзгүлтүксүз жеке инсандык өнүгүү жөндөмдүүлүгү) [3; 2; 14].

Компетенция (*лат. тил. competio – бир нерсеге жетишем, дал келем*) – белгилүү бир тармакта өзүнүн билимин, көндүмдөрүн жана инсандык сапаттарын ийгиликтүү колдоно билүү жөндөмдүүлүгү. Компетенттүүлүк (*лат. тил. competentia – айрыкча, таандык болуу*) – адамдын инсандык, социалдык-профессионалдык мүнөздөмөсү. Бул – жасаган нерсеңди жакшы жаса деген маанини

билдирет, анын чыныгы критерийи акыркы натыйжа болуп эсептелет [2, 6].

Философиялык жана психологиялык-педагогикалык адабияттарда бул түшүнүктөр бири-бирине дифференцирленет же жиктелет. М.А. Зимняя жана А.В. Хуторский компетенциянын бири-бири менен байланышкан үч тобун аныкташат: 1) негизги компетенциялар, билимдин жалпы мазмунуна тиешелүү; 2) жалпы предметтик компетенциялар, билим тармагында жана белгилүү бир окуу предметтер арасында; 3) предметтик компетенциялар, окуу предметтеринин чегинде [2; 7]. Мында: *баалуулук-маанилүүлүк, жалпы-маданий, окуу-таанып билүү, маалыматтык, коммуникативдик, инсандык өзүн-өзү өнүктүрүү* компетенциялары каралган [7, 41-42].

Учурда стандарттын жаңы муунун түзүүдө негизги үч компетенциялар жетекчиликке алынды. *Маалыматтык* компетенциялар окуучулар билимди алганды үйрөнүү, заманбап маалымат каражаттарын (сыналгы, магнитофон, телефон, факс, компьютер, принтер, модем, копир ж.б.) жана маалымат технологияларын (аудио-видео көчүрмө, электрондук почта, мультимедиялык технологиялар, компьютердик сабаттуулук, ММК, Интернет-технологиялар) колдонгонду билүү. *Коммуникативдик* компетенциялар тилдерди билүү, чөйрө менен карым-катыш ыкмаларын билүү, топто, коллективде иштөө ыкмасын үйрөнүү, ар кандай социалдык ролдорго ыкташуу, окуучу өзүн тааныштыра алышы, анкета, арыз жаза алышы, суроо бере алышы, сүйлөшө билүүсү ж.б. *Инсандык өзүн-өзү өнүктүрүү* компетенциялары физикалык, руханий жана интеллектуалдык жактан өзүн-өзү өнүктүрүү, өзүн-өзү эмоционалдык жактан көзөмөлдөө, колдоо көрсөтүү. Бул компетенцияларга өзүнүн ден соолугуна кам көрүү, коопсуз жашоо, экологиялык маданият ж.б. кирет [ошол эле жерде].

Жогорку аныктамаларга талдоо жүргүзүүдө билим берүүнүн сапаты түшүнүгүн айрым авторлор коомдун жана инсандын керектөөсү катары карашса, экинчилери билим, билгичтик, көндүмдөрдүн деңгээлинин калыптанышы, үчүнчүлөрү – жыйынтык жана касиеттердин карым-катышы, төртүнчүлөрү – белгилүү бир компетенциялардын түзүлүшү катары карашат. Бул көз караштар «билим берүү сапаты» түшүнүгүн дагы да тереңирээк талдоого мүмкүндүк берет.

Демек, илимий көз караштарды жалпылап келгенде _сапат_ – бул предметтин белгилүү бир өзгөчөлүгү жана коом тарабынан анын баалуулугунун кабыл алынышы, _билим сапаты_ – бул стандарттын талаптарына ылайык келген мазмун, ал эми _билим берүүнүн сапаты_ түшүнүгү окуучу окууну «эң жакшы» жана «жакшы» баа менен бүткөндүгүнүн сандык жактан мүнөздөмөсү; окуучулардын билиминин өнүгүү даражасынын өлчөнүп-ченелиши; окуучунун билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн колдонуу ишмердүүлүгүнө ээ болушу; инсандын өнүгүүсүндөгү адеп-ахлактык, физикалык, акыл-эстик жана психологиялык жактан өнүгүүсүнүн аныкталган даражасы катары кароого болот.

Изилденип жаткан проблеманын чегинде «билим берүүнү башкаруу» жана «билим сапатын башкаруу» түшүнүгүн карап чыгуу да негизги мааниге ээ. Учурдагы билим берүүнү башкаруу проблемалары боюнча изилдөөчүлөрдүн иштерине талдоо жүргүзүп көрсөк башкаруу өз ара бири-бири менен байланышкан структураны жана функционалдык компоненттерди камтып турган бүтүн система. Ошону менен бирге башкаруунун өзүнө аныктама берүүдө ой пикирлер ар түрдүү. Азыркы учурда негизги үч көз караш белгиленген. *Биринчи көз караш.* башкаруу бир системанын экинчи бир системага таасир тийгизүүчүсү катары каралат (В.Г. Афанасьев ж.б.). Башкаруу – бул стандарттын нормаларына жана талаптарына шайкеш келген бүтүндөй процесс, ошондой эле анын негизги элементтерине дал келүүчү жыйынтыкты алууга багытталган комплекстүү, координацияланган иш аракет [10,16]. *Экинчи бир көз караш* болсо, билим сапатын башкаруу бул өзгөчө башкаруу. Окутуунун оптималдуу жыйынтыктарына жетүү үчүн алдын-ала аныкталып түзүлгөн, уюшулган жана багытталган иш аракеттер [8]. *Үчүнчү көз караш* билим сапатын башкарууну «Билим берүүнүн сапатын эң жогорку деңгээлге жеткирүү максатында ар кандай факторлорду жана шарттарды ачуу, макулдашуу үчүн атайын билим берүү системасынын субъектилери (органдар, мекемелер, кызматкерлер) башкаруу ишмердигинин түрү жана элементи» катары карашат. Билим сапатын башкарууну мындай көз караште кароо кандайдыр бир системадан олуттуу натыйжа алуу максатындагы көзөмөлдөө менен байланышта. Учурда мектептерде билим сапатын башкаруу ишмердиги ийгиликтүү жүргүзүлүшү үчүн белгилүү бир нук менен багытталышы жана көзөмөлдөнүшү керек. Ошонун негизинде билим сапатын башкаруу процесс катары да, система катары да каралат. Биздин шартта билим берүүнүн сапаты негизги үч багытта каралып, аларды ишке ашыруу пландалууда. Алар: б*иринчиден*, коомдун ишмердүүлүк-компетенттик билим берүүгө негизделген талабын жана билим берүүнүн сапатын камсыздоо муктаждыгын эске алуу; *экинчиден*, мектептин билим берүү процессине жаңы муундагы билим берүү стандарттарынын

киргизилиши; *үчүнчүдөн*, билим берүүнүн мазмунунун өзгөрүшү менен окуучуларды практикалык-ориентирленген окутууга багыттоо жана компетенттүү бүтүрүүчүлөрдү даярдоо.

Ал эми *билим сапатын башкаруу* башкаруунун этаптарынын үзгүлтүксүз өнүгүү циклине дал келүүсү менен аныкталат. У.Э.Деминг сапатка жетүүнүн *төрт этаптуу* ишин аткарууну карайт: пландаштыруу (Plan-P), иштөө, аткаруу, кыймыл аракет (Do-D), жыйынтыктарды текшерүү (Chek-c), оңдоп түзөө иш аракети (Action-A). Цикл боюнча иш аракет максатка коюлган жыйынтык чыкмайынча кайталана берет [18]. Эми бул төрт этаптын ар бирине токтолуп өтөлү.

*Биринчи этап – сапатты пландаштыруу* – максатка жетүү үчүн максат коюу, ага жараша зарыл методдорду, формаларды жана каражаттарды аныктоо. Билим берүү процессине зарыл болгон муктаждыктарды тыкыр иликтөө.

*Экинчи этап – сапаттуу ишти башкаруу* (иш аракеттерди жасоо) – бул оперативдүү мүнөздөгү ишмердиктин түрү. Билим берүү процессинин мониторингине билим сапатынын бардык этаптарындагы канааттандырбаган иштин себебин жок кылууга багытталган.

*Үчүнчү этап – сапатты камсыз кылуу* – бул билим сапатынын ар бир этабында ишти аткарууга багытталган эскертүүчү иш чаралардын системасы.

*Төртүнчү этап – сапатты жакшыртуу* – бул дайыма болуп туруучу ишмердик. Ал билим сапатынын деңгээлин жогорулатууга жана билим сапатынын бардык процесстериндеги ишти жакшыртууга багытталган.

Психологиялык-педагогикалык адабияттарды талдоодо билим берүү сапатын башкаруунун төмөнкү функцияларын бөлүп кароого мүмкүнчүлүк болду: *пландаштыруу, мотивациялоо, уюштуруу, текшерүү, талдоо жүргүзүү, оңдоп түзөө*. Бул функцияларды ишке ашыруунун ирээти «Демингдин цикли» катары белгилүү [18].

Демек, *билим берүүнү башкаруу* – бул бүтүндөй окуу процессинин комплекстүү көзөмөлгө алынышы болсо, ал эми *билим берүүнүн сапатын башкаруу* – бул окуу процессин башкарууда мезгилдин, коомдун талабын эске алуу менен алдын-ала иш аракеттерди пландоо, анын негизинде процессти көзөмөлгө алуу, анын натыйжасын коюлган максат менен салыштыруу жана анализдөө, деп эсептөөгө болот.

Ал эми окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоого келе турган болсок, бул маселелер М.М. Бекежановдун, С.И. Иптаровдун, С.К.Калдыбаевдин, А.М. Мамытовдун, Ж.М. Рыскулованын, Т.М. Сияевдин, Р.Х. Шакировдун ж.б. эмгектеринде каралган.

«Билим берүүнүн сапатын баалоо» түшүнүгү «*сапаттын ченеми*» (сандык жана сапаттык) катары аныкталат. Ал сапаттын ченемин белгилөөчү эталондук деңгээл, ченемдердин, касиеттердин жана база менен функциялардын дал келүүсү катары эсептелет [12]. Ал эми «*норма*» же «*эталон*» түшүнүгү «инсандын муктаждыгына, коомдун, мамлекеттин муктаждыктарына дал келген, документ түрүндө белгиленген билим сапатына карата талаптардын системасы» [12]. Ал билим сапатын баалоо жана кемчиликтерин оңдоо үчүн колдонулат. Бул процесс өзүнүн ичине текшерүүнү, эсептөөнү, талдоону (бааны), чечим кабыл алууну жана аны ишке ашырууну камтыган жабык башкаруу цикли катары эсептелет. Ошондуктан билим сапатын баалоодо критерий иштелип чыгат. Критерий (*грек тил. – criterion*) – ой жүгүртүү каражаты, баалоо үчүн иштелип чыккан көрсөтмө, сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү чагылдыруучу мүнөздөмө [14].

Билимди баалоонун прогрессивдүү формаларынын бири болуп педагогикалык тестирлөө эсептелет. Педагогикалык тестирлөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин иштеп чыгуу боюнча чет элдик окумуштуулар В.С. Аванесов, Б.Гронлунд, В.М. Кадневский, А.Н. Майоров, М.Б.Челышкова, R. Hambelton, F. Lord, D. Weiss ж.б. зор салым кошушкан. Бул проблема боюнча изилдөө жүргүзгөн кыргыз окумуштуулары А.А.Абдиевдин, З.Э. Жамакееванын, И.П. Вальковaнын жана С.К.Калдыбаевдин эмгектерин атоого болот [1].

Демек, жогоруда айтылгандардан төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак болот. Билим берүүнүн сапаты бири-бири менен тыгыз байланыштагы түшүнүктөрдүн («билим сапаты», «билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнү башкаруу», «билим берүү сапатын башкаруу», «билим сапатын баалоо») системасы катары каралат. Бул түшүнүктөр коомдо өз ордун табууга даяр болгон мектеп бүтүрүүчүсүн даярдап чыгарууга негиз болгон өзөктүк түшүнүк катары саналат. Ал эми мындай түшүнүктөрдү анализдөө билим берүүдөгү маселелерди чечүүгө өбөлгө болуп берет.

**Адабияттар:**


1. Жунусакунова, А.Д. Негизги мектепте математиканы компьютердик адаптивдүү тестти колдонуп окутуунун дидактикалык негиздери. [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук / А.Д.Жунусакунова. – Б., 2015. – 25 с.
2. Зимняя, И.А. Ключевые компетентности как результативно-целевая основа компетентно-

стного подхода в образовании. Авторская версия. – М.: Иссл. центр проблем качества подготовки специалистов, 2004. - 20с.

3. Вербицкий, А.А. Личностный и компетентностный подходы в образовании. Проблемы интеграции [Текст] /А.А.Вербицкий, О.Г.Ларионова. – М.: Изд-во Логос, 2009. -336с.

4. Жиляева, Л.Г. Управление качеством образовательного процесса в массовой общеобразовательной школе [Текст]: дис. ... канд. пед. наук / Л.Г. Жиляева. - Курск, 2003. - 265с.

5. Исаев, И.Ф. Школа как педагогическая система. Основы управления [Текст] / ИФ. Исаев. - М., Белгород, 1997. - 136 с.

6. Коломиец, Б.К. Психология детского коллектива [Текст] / Б.К. Коломиец. - Минск, 2002.- 210с.

7. Критерий Фишера. Автоматический расчет углового преобразования. [Электронный ресурс]. Режим доступ: http: // www.psychol-ok.ru.

8. Моисеев, А.М. Основы стратегического управления школой [Текст] / А.М. Моисеев, О.М. Моисеева. – М.: Центр педагогического образования, 2008. - 258 с.

9. Ожегов, С.И. Толковый словарь русского языка. 3-е изд., стереотипное [Текст] / СИ. Ожегов, Н.Ю. Шведова.– М.: АЗЪ, 1995. - 998 с.

10. Панасюк, В.П. Системное управление качеством образования в школе [Текст] / В.П. Панасюк.- СПб. - М.: Иссл. центр проблем качества подготовки специалистов, 2000. - 239с.

11. Поташник, М.М., Моисеев, А.М. Управление современной школой (в вопросах и ответах): пособие для руководителей общеобразовательных учреждений и органов образования. [Текст] / М.М. Поташник, А.М. Моисеев. - М.: Новая школа, 1997. - 352с.

12. Советский энциклопедический словарь [Текст] / Научно-ред. совет: А.М. Прохоров (пред). – М.: «Советская энциклопедия», 1981. - 1600 с.

13. Субетто, А.И. Категория качества образования [Текст] / А.И. Субетто. Восьмой симпозиум: квалиметрия человека и образования. – М., 1999. -С.170-174,

14. Третьяков, П.И. Школа: управление качеством образования по результатам [Текст] / П.И. Третьяков. - М.: Изд-во УЦ « Перспектива», 2009. - 492 с.

15. Шадриков, В.Д. Становление институтов общественно - профессиональной оценки качества образования [Текст]: коллективная монография / О.А. Ильченко, А.А. Коваленко, А.И. Коваленко, М.В. Пашковская, Ю.Б. Рубин, В.А. Самойлов, В.Д. Шадриков. - М.: Маркет ДС, 2007. - 476 с.

16. Штофф, В.А. Моделирование и познание [Текст]/ В.А. Штофф. - Минск: Наука и техника. - 1974. – 211 с.

17. Щуркова, Н.Е. Новое воспитание [Текст] / Н.Е. Щуркова. - М.: Педагогическое общество России., 2000 - 318 с.

18. Douglas Brown H. Principles of Language Learning and Teaching: Textbook / Brown H. Douglas. - San Francisco State University, 1994. – 347 p.